**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ТОҢ РАЙОНУНУН**
**КАЖЫ-САЙ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КАДЖИ-САЙСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

# ТОКТОМ

**2023/7** **Кажы-Сай айылы**

**Кажы-Сай айылдык Кеңешинин депутаттарынын 7-чакырылышынын кезектеги сессиясы СООППВ Кажы-Саз “Айыл суу” коомдук бирикмесинин кайрылуусун кароо жөнүндө**

СООППВ Кажы-Саз “Айыл суу” коомдук бирикмесинин жетекчиси И.Т.Акуновдун Кажы-Сай айылында таза сууну пайдалануудагы төлөм акыларын көтөрүү боюнча билдирүүсүн угуп жана коомдук угууда талкуулап, Кажы-Сай айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. СООППВ Кажы-Саз “Айыл суу” коомдук бирикмесинин кайрылуусуна ылайык, Кажы-Сай айылында ичүүчү сууну пайдалануу үчүн төлөм акысы ар бир кишиге айына 15 сомдон 30 сомго көтөрүлсүн.
2. Жеке менчик короодогу суу түтүгүн суугат катары пайдалануу үчүн суунун төлөм акысы бир сотыхка 1 жылга бир жолу 40 сомдон 60 сомго көтөрүлсүн.
3. Айыл өкмөтүнүн келишимдин негизнде бош калган жер участкаларына алма-бак тигип, өздөштүргон жерлерге ар бир сотыхка бир жылга бир жолу 100 сомдон төлөм бекитилсин.
4. Таза сууну пайдалануудагы калган төлөм акылары өзгөртүүсүз калтырылсын.
5. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Кажы-Саз “Айыл суу” коомдук бирикмесинин башчысы И.Т.Акуновго тапшырылсын.

**Кажы-Сай айылдык**
**Кеңешинин торагасы** **И.Т.Акунов**